| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КЕМИН РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА КЕМИНСКАЯ РАЙОННАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ АДМИНИСТРАЦИЯ |
|---|---|---|

# ТЕСКЕМЕ

# РАСПОРЯЖЕНИЕ

____________________№ __________ г.ш.Кемин

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 2-августундагы №249 «2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» тескемесин ишке ашыруу жөнүндө**

Коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасында коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66-71-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 Жаргылыгын ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 2-августундагы №249 «2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» тескемесин аткаруу максатында;

1. 2025 – 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын Кемин районундагы коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча ведомстволук иш-чаралардын планы тиркемеге ылайык бекетилсин.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары иш-чаралар планын өз убагында жана кынтыксыз аткарууну камсыз кылышсын.
3. Иш-чаралар планын ишке ашыруу боюнча белгиленген мөөнөттөрдө аткаруу боюнча милдеттүү түрдөгү чараларды көрүлсүн.
4. Кварталдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 5 инен кечиктирбестен иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кемин райондук мамлекеттик администрациясына берилсин.
5. Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчисине жүктөлсүн.

**Аким** **К.Шакиров**

Таркатылды: көктөмөгө, мекеме ишканалардын башчыларына, ЖӨБО башчыларына

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 254, 12.08.2024 Кол койгон: Шакиров К.А., 12.08.2024